**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЧҮЙ ОБЛУСУ**
**ПАНФИЛОВ РАЙОНУ**
**ОРТО-КАЙЫҢДЫ**
**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ОРТО- КАЙЫНДЫ**

---

**1- сессия** **VIII – чакырылыш**

# ТОКТОМ № 2

04.04. 2024-жыл. Вознесеновка а.

**“ Чүй облусунун Панфилов районунун Вознесеновка айыл аймагынын Вознесеновка айылдык кеңеши” , “ Чүй облусунун Панфилов районунун Орто айыл аймагынын Орто айылдык кенеши мекемелерин бириктирүү жолу менен “ Чүй облусунун Панфилов районунун Орто-Кайыңды айыл аймагынын Орто-Кайынды айылдык кеңешинин жобосун каттоо жөнүндө”**

"Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2009-жыл 20-февралындагы № 57- Мыйзамынын 11-беренесине ылайык, "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 31-беренесин жетекчиликке алып, Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, Кыргыз Республикасынын Президентинин “Айыл аймактарынын жана шаарларынын денгээлинде пилоттук режиминде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө”Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 29-декабрында № 370 Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 7-февралындагы № 24 Жарлыгы менен бекитилген пилоттук режиминде жүргүзүлүп жаткан административдик-аймактык реформа алкагында жергиликтүү кеңештердин иши жөнүндө Убактылуу жобону жетекчиликке алып, Орто-Кайынды айылдык кеңешинин депутаттарынын сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ :

1. Чүй облусунун Панфилов районунун Вознесеновка айыл аймагынын “ Вознесеновка айылдык кеңеши” , Чүй облусунун Панфилов районунун Орто айыл аймагынын “ Орто айылдык кенеши” мекемелерин бириктирүү жолу менен Чүй облусунун Панфилов районунун Орто-Кайыңды айыл аймагынын “ Орто-Кайынды айылдык кеңеши “ түзүлсүн.

Толук фирмалык аталышы:

- мамлекеттик тилинде: **Чүй облусунун Панфилов районунун Орто-Кайыңды айыл аймагынын " Орто-Кайыңды айылдык кеңеши" мекемеси**

- расмий тилде: **Учреждение " Айылный кенеш Орто-Кайынды" Орто-Кайынды айылного аймака Панфиловского района Чуйской области**

Кыскартылган фирмалык аталышы:

**- мамлекеттик тилинде: "Панфилов районунун Орто-Кайыңды айылдык кеңеши" М-е**

- расмий тилде: **У-е " Айылный кенеш Орто-Кайынды Панфиловского района"**

2. Чүй облусунун Панфилов районунун Орто-Кайыңды айыл аймагынын Орто-Кайыңды айылдык кеңеши мекемесинин төмөнкүдөй юридикалык дареги аныкталсын: Кыргыз Республикасы Чүй облусу Панфилов району Вознесеновка айылы, Центральная көчөсү 82/2

3. Чүй облусунун Панфилов районунун Орто-Кайыңды айыл аймагынын Орто-Кайыңды айылдык кеңешинин жобосу № 1- тиркемеге ылайык бекитилсин.

4. Чүй-Бишкек юстиция башкармалыгында "Чүй облусунун Панфилов районунун Орто-Кайыңды айыл аймагынын Орто-Кайыңды айылдык кеңеши " мекемеси мыйзамдарга ылайык каттоодон өткөрүлсүн.

5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

6. Ушуну менен юридикалык жакты түзүү жөнүндө ушул токтомдо көрсөтүлгөн маалыматтар, ошондой эле мамлекеттик каттоо үчүн берилген документтерде камтылган маалыматтар анык экендиги жана мыйзамда белгиленген учурларда юридикалык жакты каттоо маселелери тиешелүү мамлекеттик органдар жана (же) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен макулдашылгандыгы тастыкталат.

Төрага К.Мырзагелдиев.